"Бекитемин"

Токтогул атындагы №6

орто мектебинин

директору ________ Сарытаева Д.Т.

"24" 09 2018 жыл

"Каралды"
Мектеп парламентинин
жыйынында
Протокол № 1
12.09.2018

# Кызыл-Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин мектеп парламентинин жобосу.

I . Жалпы жобо.

1.1 Бул жобо КР нын Билим берүү мыйзамына ылайык иштелип чыккан.Мектептин уставында көрсөтүлгөн, иш аракеттерди жөнгө салган жергиликтүү акт болуп саналат.
1.2 Мектеп парламентинин негизги укуктук булактары:Кыргыз Республикасынын Конститутциясы , "Билим берүү жөнүндө" , Кыргыз Республикасынын мыйзамы,Баланын укуктары жөнүндө конвенция, мектептин уставы.
1.2 Мектеп парламенти окуучулардын өзүн өзү башкаруу тутумунун өкүлчүлүктүү органдарынын бири,мектеп турмушундагы өзүн өзү башкаруунун субьектиси.

II. Мектеп парламентинин түзүлүшү.

2.1 . 5-11- класстын бардык окуучулары, мектеп парламентинин курамына шайланууга укугу бар.

2.2. Мектеп парламентинин курамы бир жылга шайланат.
2.3. Класс жамааттары өз орун басарын мөөнөтү бүткөнгө чейин чакыртып алууга укуктууу,эгерде ал алардын ишенимин актабаса.

2.4. Мектеп парламентин, жалпы окуучулардын добуш берүү жолу менен шайланган президент башкарат. Жаны окуу жылынын башында өткөрүүүчү жыйында бекитилет.
2.5. Жыл сайын сентябрь айында ар бир класстарда чогулуштар өткөрүлүп, класс президенти жана класс активисстери шайланат.
2.6. Сентябрь айында класс активисстеринин чогулушу өткөрүлүп ,анда мектеп парламентинин курамына шайлануучу окуучулар сунушталат.

III.Мектеп парламентинин укуктары жана милдеттери.

Мектеп парламенти төмөнкүлөргө укуктуу:

3.1. Жалпы окуучулардын кызыкчылыгын коргоого.

3.2. Мектептин өсүп өнүгүү жолдорун аныктоого жана мектептин билим берүү потенциалы жогорулатууга катышуу.
3.3. Ар кандай иш чараларды пландаштырууга катышуу.
3.4. Мектеп администрациясына окуучуларды сыйлоо жана жазалоо маселелери боюнча сунуштарды киргизүү.
3.5. Мектеп турмушунун ар кандай аспектилери боюнча суроолор жана сунуштарды киргизү
3.6. Мектеп окуучуларынан келип түшкөн сунуштарды талкуулоо.Ар бир класстын окуучулары менен тыгыз байланышта болуп туруу. Көйгөйлүү маселелерди карап чыгуу

Мектеп парламенти төмөнкүлөргө милдеттүү:

3.7. Мектепте жүргүзүлүүчү бардык иш аракеттерде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын эске алуу,мектептин уставына баш ийүү.
3.8. Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу тутумун иштеп чыгуу,ар кандай денгээлдеги окуучулар үчүн ченемдик укуктук базаны түзүү.
3.9. Окуучулардын укуктарын мектеп ичинде жана сыртта коргой билүү.
3.10. Мектеп турмушундагы демократиялык принциптердин өнүгүшүн ырааттуу камсыз кылуу.
3.11. Ар бир класстан келип түшкөн көйгөйлүү маселелер жана сунуштарды карап чыгуу.
3.12.

## IV.Парламенттин ишин уюштуруу

4.1 Мектеп парламентинин чогулушу бир айда эки жолу өткөрүлөт(ар айдын дүйшөмбүсү)
4.2 Эгерде курамдын мүчөлөрүнүн кеминде үчтөн экиси катышса, жыйналыш өткөрүлөт.
4.3. Эгер жыйналышта добуштардын кеминде үчтөн экиси добуш берген болсо,парламенттин мүчөлөрүнүн катышуусунда чечим кабыл алынды деп эсептелет.
4.4. Парламенттик чечимдерди бардык окуучулар аткарууга милдеттүү.
4.5. Парламенттин депутаттары бардык жыйындарга катышууга милдеттүү.Жыйндарды системалык түрдө өткөрүп жиберген учурда,депутаттын ыйгарым укуктары токтотулушу мүмкүн.
4.6. Мектеп парламентинин курамы Президенттен жана анын орун басарынан тышкары министирлер кеңешинен турат.
- билим министри
- ички иштер министри
- басма сөз жана маалымат министри
- туризм жана спорт министри
- маданият министри
- тазалык министри
- эмгек министри

## V.Окуучулардын өзүн- өзү башкаруунунун принциптери.

5.1. Кызыгуу,ишеним ,ыктыярдуулук.
5.2. Демократия жана гуманизм.
5.3. Иштин обективдүүлүгү.

## VI. Иштин негизги багыттары

6.1. Билим берүүчү жана таанып билүүчү.
6.2. Өзүн өзү тейлөө.
6.3. Спорт.
6.4. Ден –соолук.
6.5. Көркөм жана эстетикалык.

## VII. Мектеп парламенти менен мектеп администрациясынын ортосундагы ыйгарым укуктары.

7.1. Мектеп парламентинин ыйгарым укуктары:

7.2. Мектеп инверталдарынын ,мектеп ичиндеги бардык окуу куралдарынын сакталышын контролдоо

7.3. Окуучулардын катышуусуна, жетишүүсүнө жана тартибине контроль жүргүзүү

7.4. Мектептин жана мектептин аймагынын санитардык абалына жана көрктөндүрүлүшүнө көзөмөл жүргүзүү.

7.5. Админицтрациянын мугалимдердин ,окуучулардын жана мектептин башка кызматкерлеринин таламдарын коргоону ишке ашыруу.

7.6. Мектеп окуучулары уюштурган ишмердиктен түшүүчү каражаттарды тескөө.Мектеп парламентинин компетенциясындагы акчалай жана материалдык ресурстарды бөлүштүрүү.

7.7. Окуучуларга тиешелүү жана педагогикалык коллективдин КРнын Билим берүү министрлигинин нускамалары менен жөнгө салынбаган чечимдерин ратификациялоо.

7.8. Жаштар программалары боюнча долбоорлорду түзүү жана кароо

## VIII. Парламент мүчөлөрүнүн буйруктары.

Биздин мыйзам: тартип,уюшкандык ,тартиптүүлүк.

7.1. “Билим гана адамды,эркин жана бийик кылат”

Мектеп парламентинин осуяттары: Биздин мыйзам: тартип, уюштуруучулук, ыкчамдык. 1. Если хочешь учить других - учись повседневно, сам не покладая рук. 2. Өзүңүз жакшы билген жана ишенген нерсе жөнүндө сүйлөңүз.3. Билбестикти моюнга алуудан коркпогула,кийинки жолугушууда билип алгыла. 4. Кандай гана жагдай болбосун сылык-сыпаа болуңуз. 5 Эсиңизде болсун, ар бир адам сезимталдыкты жогору баалайт,ийгилик болбой калган учурда акыл-эсти жоготпой ,тамаша сезимиңизди сактаңыз.

# Кызыл-Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин 2018-2019-окуу жылындагы мектеп парламентинин №1 протоколу

**12.09.2018-жыл**

**Төрайым**: Эгембердиева А.
**Катчы:** Малабекова А.

**Катышкан мугалимдер:**

Мектеп директору Сарытаева Д.Т.
Соц.педагог Атаханова Ш.
Бардык класстардын президентери жана башталгыч класстардын класс жетекчилери

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. Мектеп окуучуларынын ар-намыс кодексин талкулоо жана бекитүү.
2. Мектеп президентин шайлоо
3. Мектеп паламентинин жобосу менен тааныштыруу

Угулду:
1-маселе боюнча мектептин соцпедогогу Атаханова Ш. сүйлөдү:

- Саламатсыздарбы мугалимдер жана окуучулар! Быйылкы окуу жылында мектеп окуучуларынын ар-намыс кодекси менен тааныштырайын. Себеби бул кодексте силердин милдетиңер, укугуңар жазылган. Бул жобо слайда көрсөтүлүп турат. (жобо тиркелген)

**Жарыш сөзгө чыккандар:**
**Мектеп директору Сарытаева Д.Т.:**

- Урматтуу мугалим жана окуучулар! Бул ар-намыс кодекс боюнча Шаиргул эжекеңер кеңири маалымат берип кетти. Ушул жобонун алымча, кошумчасы жок болсо, Шаиргул эжекенин айткандарын колдоймун.

**Жарыш сөзгө 8-а класстын президенти Салиева Гулзинат сүйлөдү:**

- Биз жобо менен таанышканга чейин мындай милдеттерди билбейт экенбиз. Мына эми көп нерселерди түшүнүп алдык. Бул жободо окуучулар үчүн керектүү болгон бардык иш-аракеттер, талаптар жазылыптыр. Мен да макулмун.

**2-маселе** боюнча тарбия завучу Эгембердиева А. сөз сүйлөдү:

- Биздин мектептин жаңы окуу жылы үчүн мектептин президентин шайлайлы. Себеби былтыркы президентибиз окууну бүтүп кетти. Быйлкы шайлоо 18-сентябрь күнү өтмөкчү. Бүгүнкү күндө 5 талапкерибиз бар. Ар бир талапкер өзүнүн платформасын даярдап, шайлоого катышып жатышат. Мектептеги бардык талаптарды аткарган, билимдүү, тартиптүү, аракечил, патриот талапкерибизди шайлап бересиздер деген үмүтөмүн.

Жарыш сөзгө 9-а класстын президенти Ислам у М. сүйлөдү:

- Ооба эжеке туура айтасыз, негизинен мектептеги иш-чараларды өткөрүүгө, окуучулардын тартибин, катышуусун, мектеп парламенти менен иш алып барган, бардык мугалимдерди сыйлаган, кыйналган окуучуларга көмөктөшкөн талапкерди шайлайбыз деп жатабыз.

3- меселе боюнча мектеп директору Сарытаева Д.Т. сөз сүйлөдү:

- Урматтуу мугалимдер жана ар бир класстын президенттери . Бул жобо КР нын Билим берүү мыйзамына ылайык иштелип чыккан. Мектеп парламентинин жобосу негизги укуктук булактардан: КР Конститутциясы, «Билим берүү жөнүндө», Баланын укуктары жөнүндө конвенция, мектептин уставынан алынган. Жобо негизинен төмөнкүдөй бөлүктөрдөн турат:

1. Жалпы жобо
2. Мектеп парламентинин түзүлүшү
3. Мектеп парламентинин укуктары жана милдеттери
4. Парламенттердин ишин уюштуруу
5. Окуучулардын өзүн-өзү башкаруунун принциптери
6. Иштин негизги багыттары
7. Мектеп парламенти менен мектеп администрациясынын ортосундагы ыйгарым укуктары
8. Парламент мүчөлөрүнүн буйруктары

Биздин мектепте мектеп парламенти бар. Ошол парламентте иштеген окуучулар өздөрүнүн иштерин так аткаруусу керек.

Жогорудагы белгиленген бөлүктөрү боюнча талкуу жүрдү.

**Жарыш сөзгө 10-класстын президенти Сулайманова Гүлшайир:**

- Саламатсыздары эжекелер! Бул парламенттин жобосу өтө сонун түзүлүптүр, жободо милдеттерибизди, укуктарыбызды билип алдык. Парламенттин мүчөлөрү жобонун негизинде иш алып барышат деп ойлоймун.

**Мектеп парламенти жогуруда айтылган маселелерди карап чыгып, сунуш кылат:**

1. 2018-2019-окуу жылында мектеп окуучуларынын ар-намыс кодекси кабыл алынсын жана анын негизинде мектеп парламенти иш алып барсын.

2. Быйылкы окуу жылынын мектеп президенти шайлоо 18-сентябрь күнү өткөрүлсүн жана мектеп парламентинин иш пландарын негизинде план боюнча иш алып барышсын.

3. Мектепте мектеп парламентинин жобосу кабыл алынсын жана анын негизинде иш барышсын.

Төрайым_____________ Эгембердиева А.

Катчы _______________Малабекова А.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**
**Токтогул атындагы**
**№6 орто мектеби**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ**
**Средняя школа №6 им Токтогула**

№33 Буйруктан көчүрмө

Токтогул атындагы
№6 орто мектеби

24.09.2018-жыл

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин мектеп парламентинин Жобосун бекитүү жөнүндө**

Мектепте окуучулардын өзүн-өзү башкаруу системасын так жана туура жүргүзүү максатында буйрук кыламын:

1. 2018-жылдын 24-сентябрында №1 мектеп парламенттинин жыйынында каралган, Кызыл-Кыя шаарындагы Токтогул атындагы №6 орто мектебинин парламенттинин Жобосунун негизинде мектеп парламенти иш алып барышсын.
2. Мектеп парламентинин Жобонун негизинде иш алып баруусун көзөмөлдөө тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г. М. Бекеновага жүктөлсүн.

Мектеп директору Д.Т.Сарытаева